Кырг
83.8
А 13

Батмахан Абдухамидова



# Гүлкайыр

Кырг
83.8
А13

Батмахан Абдухамидова

# ГҮЛКАЙЫР



*Сүрөтчү*

Күльнар Рымбек

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
А 13

А 13 Абдухамидова Батмахан.
**«Гүлкайыр»** / Сүрөтчү Күльнар Рымбек.
– Б.: «Имак Офсет», 2023. – 8 б.

ISBN 978-9967-33-333-8

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-33-333-8 УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

...Ю им. К. Баялинова
...В № 361628

Жай мезгилинде таң эртелеп Айжан Бекбол байкеси экөө козуларын айыл үстүндөгү дөңсөөгө жайып чыгышат. Алар менен бирге кошуналары Бакыт менен Гүлназ да чыгат. Айжан менен Гүлназ секирмей, а балдар чүкө ойношот. Кээде чогуу топ ойношот. Күн түш оогондо, кайра үйдү көздөй жөнөшөт.



Бүгүн да козуларды үйгө айдап келе жатышкан. Бир кезде Айжан арык бойлой катар өскөн гүлкайырларды көрүп, кубанып кетти.



Айжан чуркап жетип, гүлдүн сабагын кармаганда эле, колу чокко тийгендей тыз дей түштү. Селт этип чочуп, колун кайра тартып алды. Эмне болгонун түшүнбөй туруп калды. Тикенеги бар беле? Же аары конуп турган жок беле?

– Эмне болду сага? – деп сурады байкеси.

Айжан сөз айта албай, колун кармалап туруп калды. Бир маалда:

– Аары чагып алды-ы-ы, – деп бышактай баштады.

– Канакей, колуңду берчи, көрөйүн. Аары деле көрүнгөн эмес.

Бекбол анын колдорун жакшылап карап көрдү да:

– Эч кандай аары чакпаптыр. Колуң таптаза бойдон турат го, – деди.

Муну уккан Айжан toктой калып:

– Анда эмнеге тыз дей түштү? – деп таңыркай сурады.

– Сага жөн гана ошондой сезилип кеткен го. Жүрү эми эртелеп басалы. Козулар көчөнүн башына жетип калыптыр. Башка короолорго кирип кетип убара кылбасын, – деп байкеси аны колунан жетелей чуркады.

Үйгө келгенден кийин экөө атасына болгон окуяны жарыша айтып беришти. Атасы ойлоно түшүп:

– А сен эмне үчүн гүлдү үзөйүн дедиң эле? – деп сурады.

Айжан күнөөлүүдөй:

– Мен гүлкайырдын желекчелерин көйнөгүмдүн этегине жармаштырып коздоп алайын дегем. Анан жеңдериме чаптап көпөлөккө окшошкум келген, – деп жооп берди.

– Сенин кош этек көйнөгүң ансыз деле кооз эмеспи, кызым, – деди атасы эркелете.

– Баса, сен гүлдүн сабагынан кармаганыңда, колуң жөндөн-жөн тыз дей түшкөн жок. Сен гүлдү үзмөк болгонуңду сезип, ал боюн жыйрып, өзү үчүн күрөшкөн тура.



БДЮ им. К. Баялинов
ИНВ № 36162

Сени чочутпаса, аны үзүп алат элең да. Анан аз убакыт өтпөй, ал соолуп жерде калмак.

Айжан ойлоно түштү. Гүлдүн соолуп жерде жатканын элестетип, аны үзбөй калганына кубанды.

Атасы сөзүн улады:

– Гүл уругу аркылуу менен көбөйөт. Ошондуктан аларды гүлдөп турган учурда үзбөш керек. Роза гүлүн карагылачы. Ал абдан кооз гүл, бирок аны коргогон тикенектери бар. Балким, гүлкайыр да өзүн коргоп, сени чочуткан чыгар…

Айжан менен Бекбол атасынын сөздөрүн кунт коюп угушту. Мунун баары алар үчүн чоң сабак болду.

12с
РБДЮ
36162 б/ф

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Батмахан Абдухамидова**

*Сүрөтчү*
**Күльнар Рымбек**

*Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот*

1-класс – 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли
2-класс – 2.1 деңгээли, **2.2 деңгээли**
3-класс – 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли
4-класс – 4.1 деңгээли, 4.2 деңгээли

*ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233*
*Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А*
*imakofset.kg*